**УДК 005.591:168.522**

# ГУМАНИТАРДЫК ПРЕДМЕТТЕРДИ ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР МЕНЕН ОКУТУУНУН ЖОЛДОРУ

***Амалканова Бүбүкан Турдалиевна***, улук окутуучу, И.Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университети, Кыргыз тили кафедрасы, Кыргызстан, 720044, Бишкек шаары, Ч.Айтматова проспектиси 66,

***Мадумарова Малохат Косимовна,*** п.и.к., доцент, Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя педагогикалык институту, Кыргызстан, 715100, Баткен шаары, И. Жусупова көчөсү, №21

***Куйчиев Асадулло Сулайманович***, т.и.к., доцент, Ош педагогикалык институту, Кыргызстан, 714017, Ош шаары, e-mail: akuichiev@mail.ru

**Аннотация:** Макалада окутууну инновациялык технологиялар менен уюштуруунун актуалдуулугу каралган. Билим берүүдө гуманитардык предметтердин циклинде интеграциялоо жагы каралды. Предметтерди интеграциялап окутууда окуу предметтерин системалуу үйрөткөнгө жетишилет. Мында түрдүү предметтердеги теориялык мыйзамдары, практикалык жумуштары да бирге каралат, башкача айтканда предмет аралык интеграцияны предметтик интеграция толуктайт. Билимдин жаңы категориялары, сапаттуу ыкмалары пайда болгондугу менен жыйынтык бере тургандыгы практикалык мисалдар менен берилди.

**Өзөктүү сөздөр:** инновациялык технологиялар, конкуренция, салттык методдор, гуманитардык предметтердин цикли, предмет аралык байланыш, өз алдынча иштөө, лекция, практика, семинар, лаборатория, студенттердин өз алдынча иштөөсү, модулдук окутуу, өзүнчө темалар боюнча конференция, дебат, кроссворд, иштиктүү оюндар интелектуалдык ой-жүгүртүү, билгичтиктер, ишмердүүлүк, окуу материалдары.

## СПОСОБЫ ОБУЧЕНИЯ ГУМАНИТАРНЫМ НАУКАМ С ПОМОЩЬЮ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ

***Амалканова Бубукан Турдалиевна***, ст. преподаватель, Кыргызский государственный технический университет им. И. Раззакова, кафедра “Кыргызского языка”, Кыргызстан, 720044, г. Бишкек, пр. Ч. Айтматова 66,

***Мадумарова Малохат Косимовна,*** к.п.н., доцент, Кызыл-Кийский педагогический институт при Баткенского государственного университета, Кыргызстан, 715100, г. Баткен, ул. Улица Жусуповой, №21

***Куйчиев Асадулло Сулайманович***, к.т.н., доцент, Ошский педагогический институт, Кыргызстан, 714017, г. Ош, e-mail: akuichiev@mail.ru

**Аннотация:** В статье рассматривается актуальность организации обучения с использованием инновационных технологий. Рассмотрена интеграция в цикл гуманитарных наук в образовании. Интегрированное преподавание предметов обеспечивает систематическое преподавание предметов. Теоретические законы и практическая работа по разным предметам рассматриваются вместе, т.е. междисциплинарная интеграция дополняется предметной интеграцией. Практические примеры показывают, что появление новых категорий знаний, качественных методов даст результат.

**Ключевые слова:** инновационные технологии, соревнование, традиционные методы, цикл гуманитарных наук, междисциплинарное общение, самостоятельная работа, лекция, практика, семинар, лаборатория, самостоятельная работа студентов, модульное обучение, конференция по отдельным темам, дискуссия, кроссворд, деловые игры. интеллектуальное мышление, навыки, деятельность, учебные материалы.

## WAYS TO TEACH THE HUMANITIES WITH INNOVATIVE TECHNOLOGIES

***Amalkanova Bubukan Turdalievna***, Senior teacher, Kyrgyz State Technical University named after I.Razzakov 720044, Bishkek city Kyrgyz Republic,

***Madumarova Malokhat Kosimovna,*** C.Sc. (Pedagogical), docent, Kyzyl-Kiya Pedagogical Institute under Batken State University, Kyrgyzstan, 715100, Batken, st. Street Zhusupova, №21

***Kuichiev Asadullo Sulaimanovich***, C.Sc. (Engineering), Osh Pedagogical Institute, Kyrgyzstan, 714017, Osh, e-mail: akuichiev@mail.ru

**Annotation:** The article considers the relevance of the organization of training with innovative technologies. Integration in the cycle of humanities in education was considered. Integrated teaching of subjects achieves systematic teaching of subjects. Theoretical laws and

practical work in different subjects are considered together, ie interdisciplinary integration is complemented by subject integration. Practical examples show that the emergence of new categories of knowledge, quality methods will give results.

**Keywords:** innovative technologies, competition, traditional methods, cycle of humanities, interdisciplinary communication, independent work, lecture, practice, seminar, laboratory, independent work of students, modular training, conference on separate topics, debate, crossword puzzle, business games intellectual thinking, skills, activities, learning materials.

Окутууну инновациялык технологиялар менен уюштуруу актуалдуу маселе. Анткени сабактын дайыма бир типте өтүлүшү сабакка болгон кызыгууну жоготот жана натыйжалуу билим берүүнү азайтат. Салттуу эмес методдор билим алуунун ыңгайлуу жагдайын түзөт. Биз даярдап жаткан адистер жумушка орношуу үчүн күчтүү конкуренцияга кабылат. Ошондуктан биз атаандаштыкка туруштук бере ала турган, сапаттуу кадрларды даярдашыбыз керек. Албетте, сапаттуу билим бере алганда гана биз өз максатыбызга жетишибиз мүмкүн. Окутууда салттык методдор менен бирге бүгүнкү проблемалык, программалык, компьютердик, талкуу, интерактивдүү, интеграциялык окутуу көп колдонулууда. Окутуунун жаңы технологияларын колдонуу аркылуу интелектуалдык ой-жүгүртүү, билгичтиктер, ишмердүүлүк калыптандырылат.

Учурда билим берүүдө түрдүү илимдердин интеграцияланышы актуалдуулугун жоготпой келет. Ошондуктан биз сабактардагы ар түрдүү предметтерди, айрыкча гуманитардык предметтердин циклинде интеграциялоо жагын карадык. Предметтерди айкалыштырып (интеграциялап) окутууда окуу предметтерин системалуу үйрөткөнгө жетишилет. Мында түрдүү предметтердеги теориялык мыйзамдары, практикалык жумуштары да бирге каралат, башкача айтканда предмет аралык интеграцияны предметтик интеграция толуктайт. Билимдин жаңы категориялары, сапаттуу ыкмалары пайда болгондугу менен жыйынтык берет. Окутуу тажрыйбаларында (мектеп, орто жана жогорку окуу жайларда) предмет мугалимдеринин бирдиктүү өткөн сабактар кездешет. [3]

Интеграциялап окутуу көп түрдүүлүгү менен айырмаланат. Бир эле сабакта бир нече предметтерди, т.а. эки предмет, үч-төрт же беш предмет айкалыштырылса болот. Мындай сабактар эки жана андан да көп предмет окутуучулары биргеликте же окутуучунун базалык билиминин негизинде айкалыштырып өтүүсү мүмкүн. Окутуучу сабак өтөөрдөн мурда интеграциялап окутууга мүмкүн болгон теманы тандап алат, жана аларды бөлүмдөргө бөлүп, блокторго ажыратып чыгат. Ар бир мугалим өзүнүн чыгармачылык жөндөмүнө жараша ар кандай окутуу методдорун, ыкмаларын тандай алат.[4]

Интеграциялык сабактарда өз алдынча иштөөгө кеңири жол берилет. Бул процессте окуу материалдарынын мазмуну ар тараптан байытылган, кеңейтилген формада болгондуктан, натыйжада берилген материалга терең анализ жасоого шарт түзүлөт. Демек мындай технология аркылуу белгилүү темада тереңдетилген билим берүү максаты ишке ашат. Албетте, анын жүзөгө ашышында тандалган методдор, ыкмалар да маанилүү, т.а. туура тандалган методика сабактын максатына толук жетүүсүн камсыздай алат. Усул жана ыкмалар аркылуу студенттер өз алдынча ишти чыгармачылык менен изденүүсүнө, логикалык ой-жүгүртүүсүнө багытталышы зарыл. Интеграциялануучу предметтердин белгилүү темаларынын бир багытта бириктирилиши билимдин тереңделишине өбөлгө түзөт. Бул багытта окутуунун интерактивдүү усулдары профеционалдуу адистерди даярдоонун натыйжалуу жолдорунун бири катары кызмат кылат. Аталган методдор студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн калыптандырууга багытталат. Интеграцияланган сабактарды лекция, практика, семинар, лаборатория, студенттердин өз алдынча иштөөсү, модулдук окутуу, өзүнчө темалар боюнча конференция, дебат, кроссворд, иштиктүү оюндар ж.б. методдор жардамында уюштуруу белгилүү системаны түзөт жана бул системаны окутуунун технологиялары ишке ашырат. Учурда предмет аралык байланыштарды үйрөнүү боюнча кызыгуу өсүп баратат. Окутуучу ар башка предметтердеги билимдерди интеграциялоо менен окутуунун принциптерине, предмет аралык байланыштардын идеяларын бир канча багыттарда лекциянын мазмунуна карата түрдүү жолдор аркылуу ишке ашыра. Алар:


- Интеграцияланган лекциялар белгилүү теманын негизинде окуп-үйрөнүү, бышыктоо максаттары коюлат;
- Лекция мезгилинде студенттердин ишмердүүлүгүнүн түрлөрү өзгөрөт жана колдонулуучу техникалык каражаттарды каралат;
- Предметтердин мазмунунун төп келиши предметтерди бири-бирине жакындатат;
- Берилген материалдын мазмуну бөлүп каралат (предмет аралык байланыш аркылуу семинардык сабактарды уюштуруу) ;
- Гуманитардык илимдерди бириктирүүчү жалпылык предметтер аралык байланыш принциптерине таянып, жетектелет;
- Интеграциялык лекция эпизоддук материалдарды гана колдонуучу предмет аралык байланыштын салтуу методдорунан айырмаланат;
- Интеграциялык лекциянын предметтик анализи көп пландуу обьект катары каралат.
- Интеграциялык лекция сапаттуу билим алууга, илимий жактан түшүнук берүүдө колдонулат. [5]

Мисалы, Манас таануу предметин окутууда дидактиканын тарыхка кайрылуу принцибин жогорку деңгээлде ишке ашырууга болот. Манас таануу илими, “Манас” эпосун изилдөө – кыргыз адабияттаануу илиминин, анын ичинде фольклористиканын “Манас” эпосун жыйноону, изилдөөнү, бастырып чыгарууну ишке ашыруучу тармагы. Манас таанууда тарыхтан алынган маалыматтар, эпостун чыгыш доору, манастаанууч окумуштуулардын өмүр баяны, манасчылар, алардын чыгармачылык бөтөнчөлүктөрү, варианттардын идеялык-көркөмдүк салмагы, бири-бири менен жакындыктары, айырмасы, поэтикасы, элдүүлүгү, жарыяланыш тарыхы, басылыштары (илимий жана массалык), окутуу проблемалары, тили, идеясы жана каармандары, жомоктун сюжети жана композициясы, типологиялык байланышы, эпостун кыргыз искусстводогу орду, ж. б. проблемалар изилденүүдө. [2]

Интеграциялап окутуунун стихиялык жана башкаруу формалары кезигет. Стихиялык формада студент тигил же бул теманы өз алдынча интеграциялай алат, т.а. башка предметтерден алган билимдери менен окулуп жаткан предметтик материалды байланыштырып колдоно алат. Окуу материалын үйрөнүүдө стихиялык интеграцияны уюштуруу ыңгайлуу экендиги байкалат.

Алсак, Манастаануу предметинен «Манас» эпосундагы кыргыздардын дүйнө таанымы, диний ишенимдери жөнүндө сабак өткөндө студенттер эпостогу тарых жана дин таануудан алган билимдерин эпостогу материалдарды өз алдынча интеграциялап, бириктире алышат. Мында студенттерге белгилүү багытта тапшырма берүү жетиштүү. Бул формада сабак өтүү үчүн интеграциялоонун аралаш тибин пайдаланууну сунуштайбыз (Сүрөт № ).

Студенттерге эпостогу көзгө көрүнүүчү пир, рух, арбак колдоо ишенимдери баяндалган кээ бир окуялардын тизмегин түзүү, аларды сүрөттөп берүү тапшырмасы берилет жана бүгүнкү күнгө чейин ыйык жерлер, сыйынуу, түрдүү жөрөлгөлөрдүн эл ичинде сакталышы жөнүндө фактыларды жыйноо тапшырмалары берилет. [1]




*Сүрөт №1 Аралаш жүзөгө ашыруу*

Мурдагы жана азыркы манасчылардын өмүр жолу, манасчылык өнөрдүн калыптанышы, аларды изилдөө боюнча материалдарды өтүүдө түш көрүү, аян алуу, рух колдоо, касиет алуу сыяктуу окуяларга туш болушу да баса белгиленет. Бул маалыматтарды бүгүнкү күнү эч ким тана албайт. Бул ишенимдер тарых илиминде анимистик түшүнүк деп аталышы жана адамзаттын чексиз ааламдагы кудурет-күчкө ишениши айтылат.

Берилген тапшырмаларды студенттер тизмектеп жазып чыгышат. Мисалы алар мындай окуялардын тизмегине Чыйырды эненин талгак болушу, Манастын кырк чилтенге жолугушу, ууда жүрүп Желмаянды, андан соң сур күчүктү таап алып, иттин пири катары ага ишениши, куштун, аттын же бугу, кайберендин колдоочулук касиеттерин киргизиши мүмкүн. Саякбай манасчынын вариантындагы Көк жорунун кызыл эт күчүгүн Манас Медияндын чөлүнөн *Кум-Булактын* боюндагы кумайдан, кайыбынан таап алат (кыргыз уламыштарында Кумайык жорунун жумурткасынан чыгып, аны жети күнгө чейин таап алса, кыраан итке, андан кечиксе жоруга айланат, элде жору мисалдаш куш түшүнүгү калыптанган). Ошондо Кумайыкты «сыңар күнөө кылбаган зайып багат», — деп угуп, Букардын каны Темиркандын кызы Каныкейге куда түшүп: «Кумайык багып сен берсең, Азарым анык салармын. Кол жеткен жердин баарына, Каныш кылып алармын, Артылып камчы чаппасмын, Айкалтып күнү албасмын. Бенделигим билгизбейм, Бек сөзүн сага тийгизбейм», — дейт. Каныкей «Күндүзүндө тынч албай, Түн ичинде уйку албай, Оозу менен сүт берип, Колу менен эт берип, Кырк кез ордун түбүнө багат» (Саякбай Каралаев, 1. 146 —148).[5]

Манас акка моюн сунганда Кумайыктын мөгдөшү, кыйналганы, Абыке, Көбөшкө кызмат кылуудан моюн толгогону айтылат. Семетей эр жетип, Букардан Таласка келгенде биринчи болуп жолдон тосуп чыгышы, Кыяс Семетейди жарадар кылганда, сөөгүн душманды жолотпошу, Семетей, Бакай, Айчүрөк, Күлчоро кайып болгондо, кумайыктын да касиеттүү жаныбар катары ал дагы кайып болгондугу эпосто айтыларын студенттер белгилеп кетишет.

Мындай ишенимдер тотемизм, диндин байыркы формасы деп белгиленет. Ал уруучулук коомдо пайда болуп, айрым уруулардын тегин (бугу, сарбагыш, жагалмай, бөрү ж.б.) жаныбарлар, өсүмдүктөр менен байланыштырып, алардын ыйыктыгына, кереметтүүлүгүнө ишенишкен.

Бул жерде мугалим байыркы руна жазууларында:*“Мен жети карышкыр өлтүрдүм, мен илбирс менен бугуларды өлтүргөн жокмун”*,-деген саптарда илбирс менен бугулар тотем катары көрсөтүлгөндүгүн интеграциялоодо колдонсо болот.

Студенттерге эпостогу фетиштик түшүнүктөрдүн тизмегин түзүү тапшырмасын берсе болот. Алгач тарых илиминде фетишизм, б.а. буюмдардын, нерселердин (тумар, бут, жай таш, тул ж.б.) кереметине ишенүү экендигин түшүндүрүү зарыл. Калмак-кытайлар бүгүнкүгө дейре бутка жана бурканына сыйынышын мисал келтирүүгө болот. Тарых барактарын карасак байыркы кыргыздар өлгөн кишинин үйүндө жыгачтан, териден ж.б. маркумду элестетүүчү курчактарды, тул жасоо салты болгон. Тул (куурчак) жасоо үчүн жаздыкка маркумдун чапаны жайылып, чалмасы үстүнө коюлуп, бурчка көшөгө тартылган жана ал чоң ашын бергиче, б.а. бир жыл сакталып, кийин маркум коюлган жерге көмүлгөн. Бул жөрөлгө киши өлгөндөн кийин анын духу жашай берет деген ишенимде арбагын сыйлоо маанисин туюнтат. Таштык маданият жана байыркы түрк мезгилине таандык мындай көр куурчактары Тува жана Түштүк Кыргызстандан да археологиялык казылмаларда табылган. Эне-Сайдагы ташка чегилген жазууларда мындай саптар кезигет:

*Жетимиш бир жашымда көк теңирдеги күндү көрүүдөн калдым. Силерден, өз мамлекетимден, силерден, жеримден, өз суумдан, силерден...Менин канышам мунарада тул жасады. Силерден..*

Студенттер бул маалыматтар менен таанышкан соң эпостогу тул жасоо жөрөлгөсүн издөө тапшырмасын алышат. Алар Манас көз жумганда Бакай жыгачтан Манастын сөлөкөтүн, тулун жасаганын, Каныкей менен Сайкалдын, кошокчулардын тул коюп кошок кошкону, Манастын тулун ак кийизге ороп, күмбөзгө койдурганы жөнүндө баянды мисал

келтириши мүмкүн. Кыргыздар турдүү дубаларды окуп, ырым-жырымдарды өткөрүп, бир эле убакта бакшылык, эмчилик жана шамандык милдеттерди аткарышкан. Эпосто Алмамбет - жай таш аркылуу жайчылык өнөрдүн ээси. Эпикалык терс каармандар Куяс, Жолой, Нескара, Алооке да жай таштын керемет-күчүн устаттык менен пайдаланган эпизоддор да арбын. [4]

Илимде кыялый кубулуштар менен күрөшүүчүлөр же арбактар менен баарлаша алган, аларды башкарган кишилер шамандар деп аталат. "Шаман" термини тунгус элинен келген, "толкунданган, көтөрүлгөн" деген маанини туюндурат. Эпосто да ажына, абсун, алаткак кешмир сыяктуу шаманисттик түшүнүктөр арбын кезигет. Азыркы учурда да бүбү-бакшылардын көп экендиги жана алардын бакшылык касиетин мойнуна алганга чейинки кыйналышы, ырым–жырымдарды өткөргөндөн кийин арбак жетекчиси болушу жөнүндө угуп, окуп жүрөбүз. Демек биз мындай адамдарды шамандар тобуна киргизебиз.

Окумуштуулардын пикирине таянсак, манасчылык өнөрдүн берилиши (арбактардан аян алуусу), ырым-жырым жасашы, эпостун узун саптарын менен узак мөөнөт аткара алуусу жана Манас менен дарылап, түрдүү жамандыктардан тазалоо касиеттеринин эске алуу менен манасчыларды да шамандар категориясына кошууга болот. Бирок манасчылар өздөрүн шаман деп эсептешпейт жана эл дагы аларга бакшыларга шек менен карагандай карабайт, алардын касиетин сыйлайт, б.а. аларга шаман катары карашпайт (Түлөбаева Бактыгүл. Ишеним жана билим дарылоо практикасында. Ысык-Көлдөгү ыйык жерлер: касиет, зыярат, өнөр. Бишкек-2009; 341-342бб.) Буга байыртадан Манасты ыйык көрүп келген элдик түшүнүк себеп болсо керек.

Интеграциялап окутуунун башкаруу формасында предмет аралык байланыштар каралат. Сабактын белгилүү баскычтарында окутуучу табигый түрдө предмет ортосундагы окуу материалынын мазмунуна төп келген маалыматтарды берет.

Буга мисал кылып эпос менен философия предметтерин айкалыштырууну алсак болот. Эпосто элдик философиянын акылман ойлору берилип, жамандык канчалык оор болсо да, ага каршы тура алуучу жакшылык күчтүн болору, ал акыры жеңиш менен бүтүшүн эпостогу окуялар менен түшүндүрүүгө мүмкүн. Мисалы, кыргыз чабылып-чачылышы, туулган жерден туш-тушка тарап, чачырап кеткенде Манастын туулушу, эр жетип, элин өз мекенине ээ кылышы, күчтүү мамлекетке айландырышын айтып, айкалыштырууга болот.

## Колдонулган адабияттар


1. Абдылдаев, Э. «Манас» эпосунун тарыхый өнүгүшүнүн негизги этаптары [Текст] /Э.Абдылдаев. –Ф.,1981. –265 б.
2. Байгазиев,С. "Манасты" мектептерде жана жогорку окуу жайларында окутуунун концепциясы [Текст] / С.Байгазиев // Кыргыз туусу, –Б., 2012, -6 б.
3. «Манас» кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст] / С.Орозбаковдун варианты. –Б., 2010. -1840 б.
4. Матикеев, К. Борбордук Азия Манас доорунда [Текст] / К.Матикеев. –Ош. 1995. –3–154 бб.
5. Рысбаев, С. Манас таануу боюнча тесттик тапшырмалардын топтому [Текст]: С.Рысбаев, М.Мадумарова. – Б. 2015. -67 б.
6. М.Мадумарова. Манас таануу предметин интеграциялык методдор менен окутуунун артыкчылыктары. [Текст] Известия ВУЗов Кыргызстана, 2014. -№6. -С.267-268
7. Саякбаева Ж.Б., Сонколова К.А., Дыканалиев К.М. Кесиптик окутуу системасында маалыматтык технологияларды колдонуу / Ж.Б. Саякбаева, К.А.Сонколова, К.М.Дыканалиев // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И.Раззакова. №3 (51). 2019. С. 240-246